Кырг
63.8
А13

Мира Абдиметалиева


# БИРИНЧИ УПАЙ БЕТТЕШИ



Кырг
83.8
А13

Мира Абдиметалиева

# БИРИНЧИ УПАЙ БЕТТЕШИ



*Сүрөтчү*
Елена Кисенкова
*Которгон жана адаптациялаган*
Талгат Деркембаев

БИШКЕК 2022

УДК 821.51-93
ББК 83.84
А 13

Абдиметалиева М.
А 13 «Биринчи упай беттеши» / Кисенкова Е., Деркенбаев Т,.
-Б.: “Имак офсет”, 2022. 16 б.

ISBN 978-9967-491-05-2

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

cc BY

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул иштi коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

Created with Bloom

ISBN 978-9967-491-05-2

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК
...дю им. К. Баялинова
ИНВ № 373578/б

УДК 821.51-93
ББК 83.84

©Абдиметалиева М.



Атай терезени мелтиреп тиктеген бойдон көз жашын тыйганга аракет кылды.

Ал «Бравлстарста» өзүнүн рекордун жаңыртайын деп калганда, апасы келип, телефонду коюп кой деп талап кылды.

– Апа, дагы 5 мүнөт ойной турайынчы!

– 5 мүнөттөн эки жолу болду. Ойногонуңду токтот! Бүгүнкүгө жетиштүү, – деди апасы.

Дайыма ушундай! Тимурдун телефон алганына көп эле болду. Ошондуктан ал каалаган оюнун ойнойт.

Эжеси Атайга өзү чаттарда отурбаган маалда эле телефонун берет. Атай бир эле саат ойносо болот имиш. Бул калыстыкка жатпайт да!

Атай терезеге бурулуп, апасына таарынганын билдиргиси келди. Бирок мындан пайда деле жок.

Апасы баласынын ден соолугун ойлоп, ага телефонду ашыкча кармата бербеген жайы бар. Бала терезенин жанында бир аз туруп, ашканага жөнөдү.

Ал жерде чоң атасы столдун жанында радио угуп отурган экен. Атай чоң атасынын жанына келип, анын ийинине башын жөлөдү.




– Ата ...
– Ии?
– Сиздин кичинекей кезиңизде апаңыз көзүңүз бузулат деп, телефонду тартып алганда таарынчу белеңиз?
– Ээ, Атайжан, биздин бала кезибизде телефон деген болгон эмес.
– Коюңузчу? Кантип эле?
– Ошондой, балам! Ал учурда адамдар мындай акылдуу телефондорду ойлоп таба элек болчу. Бизде ал тургай кадимки зым менен сүйлөшкөн телефондор да жок эле.
– Таптакыр эч нерсе жок беле? Анда аябай кызыксыз болсо керек?
– Айтпа. Биз анда керээли-кечке көчөдө ойноп жүрчүбүз. Кандай гана оюндардын түрлөрүн ойногон жокпуз. Жашынмак, чүкө, кечке чейин топ ойночубуз. Бизди үйгө ата-энебиз араң киргизишчү.
– Топту биз деле ойнойбуз... Кышында, аябай суук болгондо, эмне кылчу элеңер?
– Ал эми кышында үй-бүлөбүз менен табышмак айтышып, упай ойночубуз...
– Упай деген кандай оюн?
– Ммм... Кел, экөөбүз бул оюнду ойноп көрөлү?
– Келиңиз!
– Кана чүкөлөрүңдү алып келе кал!

Атайдын кичинекей кенинен бери чоң атасы чогултуп келген бир баштыкча толо чүкөсү бар. Ал чүкөлөрү менен лего сыяктуу дубалдарды тизип, жолдорду жасап ойночу. Кийин ага чыныгы легону сатып беришкенде, чүкөлөр текченин ичинде эч кимге кереги жок болуп унутулуп калган.

– Упай – биздин ата-баларыбыз илгерки замандарда, көчмөн турмушта жашап жүргөндө эле ойлоп тапкан эң кызыктуу оюндардын бири. Илгерки заманда аны ак сөөк адамдар гана ойношкон дешет. Упайда жеңүүчү болом десең, ар бир кадамыңды эсептеп, өтө этияттык менен ойношуң керек.





Чоң ата бир нече чүкөнү тандап алып, аларды үчтөн кылып, эки топко бөлдү.

– Мынакей, үч чүкөнү бир басым деп атайбыз. Башында бизге канча басым керек экендигин аныктап алабыз.

– Төрт! Төрт болсун!

– Мейли, төрт десең, төрт болсун!

Чоң ата он эки чүкөнү четке жылдырып, калгандарын кайра баштыкка салып койду.

– Эми бизге хан керек. Бул кызыл чүкө хан болот, – деп топко дагы бир кызыл чүкөнү кошту. – Чүкөлөрдүн бардыгын колубузга алып, өкчөп ыргытабыз!

Чоң ата эптүү кыймылы менен чүкөлөрдү килемдин үстүнө өкчөдү.

– Карасаң, чүкөлөр жайыттагы козулардай болуп, жакшы жайылды. Хан деген кызыл чүкө үйүрдүн башчысындай болуп четке конду.

– Алгач ханды атып чыгаруу керек, башкача айтканда, душмандын кол башчысын жок кылуу зарыл. Көрдүңбү, мунун кандай конгонун? Муну айкүр деп коёт. Бул бөк деп аталат. Мунусу таа. Ал эми бул чүкө чик абалында жатат!

– Мына сага! Булар мультфильмдеги жаныбарлар сыяктуу тирүү окшойт!



Таа семиз өгүзгө, айкүр сындуу мониге, бөк чоң жалпак ташка окшош экен. Чик эмнеге окшош?

– Мына, биздин хан айкүр абалда турат. Аны атып чыгаруу үчүн бизге дагы бир айкүр керек! Ылайыктуу айкүр конгон чүкөнү көрүп турасыңбы?

– Мына айкүр!

– Ооба, бул айкүр. Бирок аны менен хандын ортосунда чүкөлөр жатпайбы. Мен чүкөлөрдүн эч бирине тийбей туруп ханды атышым керек!


– Ушул чүкө менен атса эмне болот?

– Ата албайсың. Себеби эрежелер буга жол бербейт. Тааны башка таа менен гана атууга болот. Чикти чик менен атасың. Түшүндүңбү?

– Ооба!

– Мына карасаң, тизеңдин жанында бир чүкө турбайбы!

– Ии, мына ушул айкүр менен ханды атууга аракет кылсаң болот... Кана...



Чоң ата сөөмөйү менен эптүү түртүп, шык этип айкүр конгон чүкө менен ханды атты. Чүкө ханга тийди!

– Ханды башка чүкөлөргө колунду тийгизбей, жерге түшүрүп жибербей этияттап ал. Он колуң менен ал. Мына ушундай.

Аны бир четке коё тур. Ал азырынча сенин туткунуң болуп саналат. Эми бир басым чүкөнү катары менен атып чыгаруу керек.


Кана, олжону танда!

– Мына, таа.

– Мейли, биз муну менен эмнени атмакчыбыз?

Атай жайылып жаткан ар бир чүкөнү кылдат карап чыкты.

Чүкөлөрдүн арасында таа турган башка чүкө жок экен!





– Таа жок экен...

– Туура, ошондуктан биз башка курмандыкты тандап алышыбыз керек! Мына, бул жерде жанаша чигинен турган эки чүкө бар экен. Буларды ата аласыңбы?

– Ата алам!

Атай сөөмөйүн сунуп, шык эткизди. Чүкөгө тийди!

– Азаматсың! Олжону оң колуңа алгандан кийин, үч чүкө бир басымды алмайынча, аны жерге койбо! Түшүндүңбү?

– Түшүндүм!


Атай дагы бир бөктү этияттап атты. Эми анын колунда эки чүкө болду. Эки чүкөнү колго кармап алып атуу ыңгайсыз го!

– Ата, чүкөлөрдү сол колго алса болбойбу?

– Жок, сен аларды оң колуң менен кармап, оң колуң менен атышың керек!

Атай эптеп кичинекей чикти башка чоңураак чик менен атып алды... Эми анын колунда үч чүкө – бир басым бар эле.

– Азаматсың, Атай! Басымды хандын жанына кой. Булар эми сенин туткундарың, хе-хе... Дагы бир басымды атып алсаң, жең иш толугу менен сеники болот! Эгер жаңылып калсаң, уткан чүкөлөрдү кайра артка кайтарасың.





Атай аракет кылып, дагы бир басымды атып алганга жетишти! Азыр анын жети туткуну бар эле. Ал ханды жана алты чүкөнү чогултту. Кийинки кадамда ал кокусунан бир чүкөнү оюнга түшүрүп алды. Чоң ата эреже боюнча чүкөнү жерге түшүрсө болбой турганын эскертти!

Эми Атай жол бериши керек болуп калды.

Чоң ата да бир басымды утуп алып, олжосун четке жыйнады. Чеберчилик менен атылган тааны көтөрүп баратып, чоң атам чүкөнү жерге түшүрүп алды.

– Ура! Менин кезегим! Эрежелер ушундай! – деп кыйкырды Атай.

Оюнда үч гана чүкө калды. Атай чүкөлөрдү ишенимдүү өкчөп ыргытты.

Бул эмнеси?


Үч чүкө тең ар башкача конду. Бири таа, бири айкүр жана дагы бири чик турду!

Бир дагы чүкөнү атууга болбойт! Эмне менен атат элең?

– Менин кезегим! – деп жылмайып койду чоң ата. Чоң ата өкчөгөндө, эки таа менен бир чик түштү.

– Көрдүңбү, бул оюн аябай кызыктуу! Мен аткандан кийин таа турган чүкө чигинен түшүш керек. Болбосо жүрүш кайра сага өтөт, – деди.

Атай толкунданып көздөрүн жумду да , ичинен: "Чик гана турбаса экен, чик гана турбаса экен!" – деп тиледи.



– Ура!

Ок болуп кызмат кылган экинчи таа болуп конгон чүкө, атылгандан кийин, бөк болуп кулап түштү.

Кезек кайрадан Атайга өттү. Ал чүкөнү кайра колуна алып, көпкө өкчөп туруп, акыры ыргытты!

Үч бөк!

Шык! Шык! Бүттү!

Атай өмүрүндөгү биринчи упай беттешин ушундайча жеңип алды! Анан дагы эки жолу ойноп, Атай эки жолу тең утулуп калды. Бирок ал чоң атасына таптакыр таарынган жок.

Чоң атасы Атайды чыныгы жигит деп мактады!



26,40

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 373575/8

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
Мира Абдиметалиева
*Сүрөтчү*
Елена Кисенкова
*Которгон жана адаптациялаган*
Талгат Деркембаев

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот.

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - **4.2 деңгээли**

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору
Кыргыз Республикасы